**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ХИМИЯ. БИОЛОГИЯ. ГЕОГРАФИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. CHEMISTRY. BIOLOGY. GEOGRAPHY

**e-ISSN: 1694-8688**
№2(7)/2025, 22-30

***ХИМИЯ***

**УДК: 001.89:929**
**DOI:** 10.52754/16948688_2025_2(7)_3

# АКАДЕМИК БЕКТЕМИР МУРЗУБРАИМОВДУН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ: ИЙГИ ИЗДЕНҮҮЛӨР, ИШКЕ АШКАН ИДЕЯЛАР, ИРИ ИЙГИЛИКТЕР

# НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ АКАДЕМИКА БЕКТЕМИРА МУРЗУБРАИМОВА: УСПЕШНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ, ВОПЛОЩЕННЫЕ ИДЕИ, ВАЖНЫЕ УСПЕХИ

# SCIENTIFIC RESEARCH RESPONSIBILITY ACADEMICIAN BEKTEMIRA MURZUBRAIMOVA: SUCCESSFUL RESEARCH, EXPLOSED IDEAS, IMPORTANT ACHIEVEMENTS

**Низамиев Абдурашит Гумарович**
*Низамиев Абдурашит Гумарович*
*Abdurashit G. Nizamiev*

**Ош мамлекеттик университети, Ош, Кыргызстан**
*Ошский государственный университети, Ош, Кыргызстан*
*Osh State University, Osh, Kyrgyzstan*
nizamiev@oshsu.kg

# АКАДЕМИК БЕКТЕМИР МУРЗУБРАИМОВДУН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ: ИЙГИ ИЗДЕНҮҮЛӨР, ИШКЕ АШКАН ИДЕЯЛАР, ИРИ ИЙГИЛИКТЕР

**Аннотация**

Макалада Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, химия илимдеринин доктору, профессор Б.Мурзубраимовдун илим-изилдөө ишмердүүлүгү чагылдырылат. Химиянын азыры илимде, өндүрүштө жана күнүмдүк жашоодо мааниси чоң. Анын өнүгүүсү илимий-техникалык прогрессти коштоп, экономика, социалдык тармак жана курчап турган чөйрөнү коргоонун актуалдуу маселелерин чечүүгө жардам берет. Макалада талдоо, тарыхый жана логикалык усулдар пайдаланылды. Эл чарбасына жана турмуш-тиричиликке зарыл болгон жаңы заттарды алуу, студенттер үчүн тиешелүү окуу куралдары чыгаруу жана илимий даражалуу кадрларды даярдоо маселелеринин практикалык мааниси белгиленди.

***Ачкыч сөздөр:*** окумуштуу, илим, химия, органикалык заттар, таш тузу, илимий мектеп

---

## *НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ АКАДЕМИКА БЕКТЕМИРА МУРЗУБРАИМОВА: УСПЕШНЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ, ВОПЛОЩЕННЫЕ ИДЕИ, ВАЖНЫЕ УСПЕХИ*

**Аннотация**

В статье отражена научно-исследовательская деятельность академика Национальной академии наук Кыргызской Республики, доктора химических наук, профессора Б.Мурзубраимова. Химия имеет огромное значение в современной науке, производстве и повседневной жизни. Её развитие сопутствует научно-техническому прогрессу и способствует решению актуальных проблем экономики, социальной сферы и охраны окружающей среды. В статье использованы анализ исторический и логические методы. Отмечена практическая значимость вопросов получения новых веществ, необходимых для народного хозяйства и повседневной жизни, создания соответствующих учебников для студентов и подготовки научных кадров.

***Ключевые слова:*** учёный, наука, химия, органические вещества, каменная соль, научная школа

## *SCIENTIFIC RESEARCH RESPONSIBILITY ACADEMICIAN BEKTEMIRA MURZUBRAIMOVA: SUCCESSFUL RESEARCH, EXPLOSED IDEAS, IMPORTANT ACHIEVEMENTS*

**Abstract**

This article describes the research work of Academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Doctor of Chemical Sciences, and Professor B. Murzubraimov. Chemistry plays a vital role in modern science, industry, and everyday life. Its development accompanies scientific and technological progress and contributes to solving pressing economic, social, and environmental problems. The article utilizes historical and logical analysis methods. The practical significance of obtaining new substances necessary for the national economy and everyday life, creating appropriate textbooks for students, and training scientific personnel is highlighted.

***Keywords:*** scientist, science, chemistry, organic substances, rock salt, scientific school

**Киришүү**

Академик Бектемир Мурзубраимов окумуштуу, педагог-агартуучу, менеджер, маданият таануучу, мамлекеттик жана коомдук ишмер катары анын өмүр жолу, жашоосу, кесиптик ишмердүүлүгү көп кырдуу, ары түйшүктүү, ары жемиштүү. Бул макалада Б.Мурзубраимовдун жалпы иш-аракеттиринин бир бутагы – илим-изилдөөчүлүк ишмердүүлүгү каралат. Заманбап химия илиминин жыйынтыктары жашообуздун бардык тармактарында колдонуп келет. Анын өнүгүүсү материалдардын функционалдык мүнөздөмөлөрүн жакшыртуу менен биз үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Мындай багытта окумуштуу Б.Мурзубраимовдун изилдөөлөрү чоң роль ойнойт.

**Материалдар жана усулдар.**

Макаланы жазууда химия илими боюнча илимий булактар, академик Б.Мурзубраимов жөнүндө жазылган ой-пикирлер, окумуштуунун өзүнүн автобиографиялык чыгармалары жана библиографиялык маалыматтары колдонулду. Буга байланыштуу макалада талдоо, тарыхый жана логикалык усулдар пайдаланылды.

**Негизги жыйынтыктар жана аларды талдоо.**

Болочок академиктин илимге болгон жөндөмдүүлүгү, кызыгуусу жана ынтызаарлыгы Ош педагогикалык институтунда окуп жүргөн мезгилинде эле пайда болгон. Ага биринчи кезекте окууда эң жакшы окуусу жана жыйынтык сессияларын жалаң “5” деген бааларга тапшыруусу себеп болгон. 1-курсту ийгиликтүү аякташы менен Сталиндик стипендия ыйгарылган. Агайдын өзүнүн эскерүүсү боюнча, ошол мезгилде сабак берген профессор Я.В.Тельманс химия илимин тереңдетип үйрөнүү үчүн өзүнүн үй китепканасын пайдаланууга уруксат берген [1].

Агайдын химия илимине кызыга баштаган мезгилден – XX кылымдын 60-жылдарынан баштап азыркы мезгилге чейин химия илиминин мааниси жана зарылдыгы күндөн күнгө күчөп отурат. Окумуштуулар белгилегендей, химия биздин дүйнөбүздүн ажырагыс бөлүгү болуп, илимде, өндүрүштө жана күнүмдүк жашоодо мааниси зор. Анын өнүгүшү техникалык прогресске гана эмес, саламаттыкты сактоону жакшыртуу, жаңы материалдарды түзүү жана айлана-чөйрөнү коргоо сыяктуу актуалдуу маселелерди чечүүгө жардам берет. Химия экологиялык проблемаларды чечүүдө да маанилүү роль ойнойт. Экологиялык химия айлана-чөйрөнүн булганышын изилдөөдө сууну, абаны жана топуракты зыяндуу заттардан тазалоо ыкмаларын үйрөтөт. Заманбап химия билими студенттерге химиялык билимди жашоонун ар кандай тармактарында колдонуу үчүн керектүү көндүмдөрдү алууга жардам берет [2]. Ошондой эле химия илиминин изилдөө продуктусу болгон жаңы, кийинки муундагы материалдар ар кандай тармактарда кеңири колдонуу жолдорун сунуштайт. Алардын өнүгүүсү материалдардын функционалдык мүнөздөмөлөрүн жакшыртууга жана алардын таасирин азайтууга багытталат жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Жалпысынан энергияны үнөмдөөчү ыкмаларды колдонуу энергиянын чыгымдарын азайтат жана атмосферага зыяндуу эмиссияларды азайтат, инновациялык жана экологиялык жактан таза өндүрүштү түзүүгө көмөктөшөт. Бул туруктуу өнүгүүгө карай маанилүү кадам болуп саналат [3].

Албетте, илимге чындап жол алуу, сүңгүп кирүү 1962-жылы институтту артыкчылык менен бүткөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин аспирантурасына атайын чакыруу аркылуу өтүү менен башталган. Ошол жылы тапшырган 39 аспиранттын ичинен экөө

гана аспирантураны бүтүп жатып ийгиликтүү жакташкан. Анын бирөө Б.Мурзубраимов 1965-жылы 25 жашында «органикалык эмес химия» адистиги боюнча химия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болуп, ОшПИнин бүтүрүүчүлөрүнүн ичинен биринчи илимдин кандидаты болгон. Ооба, аспирантурада окуу мезгилинде химия илиминин теориялык билимин алды, илимий тажрыйба топтоду, белгилүү илимпоздор менен таанышты жана азыркы замандын илиминин актуалдуу маселери боюнча пикир алышты, интеллектуалдык жактан өстү, руханий байлыгы кеңейди, дүйнөлүк маданиятты өздөштүрдү. Бирок, Бектемир агай кызматтык (кафедра башчы, проректор болуп иштеди, Ош шаардык кеңештин депутаты болду, башка коомдук иштер жүктөлдү) жана үй-бүлөлүк (5 баланын атасы болду) себептерге байланыштуу докторлук диссертациясын кеч – 1984-жылы жактады.

Академик Б.Мурзубраимовдун аты химия жаатында фундаменталдык изилдөөлөр менен байланышкан. 70тен ашык эл аралык, бүткүл союздук жана республикалык маанидеги конференцияларга жана симпозиумдарга катышкан. Бүгүнкү күндө ал жалпысынан 300дөн ашык илимий макалалардын, 50дөн ашык монографиялар жана окуу куралдардын жана 250дөн ашык публицистикалык макалалардын автору, 20дан ашык автордук күбөлүктөрдүн жана патенттердин ээси.

Изилдөөчүлөр окумуштуунун илимий-усулдук иликтөөлөрүн төмөндөгүдөй 3 багытка бөлүп карашат:

-азот, кычкылтек, күкүрт кармаган органикалык заттардын d-, f-металлдардын туздарынын негизинде комплекстик бирикмелерди синтездөө, алардын касиеттерин изилдөө, практикалык колдонулушун табуу;

-жергиликтүү сырьелорду кайра иштетүү технологияларын иштеп чыгуу;

-химия предметин ЖОЖдордо, атайын орто окуу жайларында, орто мектептерде окутуу усулдарын иштеп чыгуу [4].

Атап айтсак, 1-багыт боюнча илимий ишинде өтмө металлдардын туздарынын амиддер менен болгон аракеттенүүсүн изилдөөдөн илимде жолун баштап, ошол проблемалуу маселени чечүүнү системалуу түрдө андан ары улантып отурду. Илимий эксперименттердин натыйжасында мурда илимге белгисиз 100гө жакын жаңы бирикмелер алынды, алардын физикалык-химиялык касиеттери аныкталды [5]. Амиддердин металлдар менен байланышын так ачып көрсөтүү, термикалык анализ жүргүзүү, молекулярдык структурасын рентген структуралык анализ менен айкалыштырып изилдөө, алардын түзүлүшү боюнча изилдөөнүн эң жаңы методдорун колдонуу менен бул тармакта терең изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Өзгөчө тио- жана семикарбазиддик комплекстердин ар түрдүү таутомердик формада жашоосун экспериментте ачып көрсөтүү илимдеги салмактуу ачылыштардан болду деп эсептейбиз. Алардын негизинде бир катар илимий макалалар менен бирге монографиялар жарык көрдү.

Изилдөөнүн 2-багыты өндүрүштүк зарылдыктан келип чыкты. Агай 1969-жылы эле жаш окумуштуу катары химия илиминин өндүрүштүк мааниси боюнча минтип жазган: "Эң ири милдеттердин бири – химия өнөр жайын бардык чаралар менен өнүктүрүүдө азыркы замандагы химиянын жетишкендиктерин эл чарбасынын бардык тармактарында толук пайдаланууда турат. Азыркы замандагы химия болсо элдик байлыкты өстүрүү, алда канча өркүндөтүлгөн жана арзан өндүрүш каражаттарын, эл керектөөчү буюмдарды чыгаруу мүмкүндүктөрүн зор даражада кеңейтет" [6]. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон алгачкы

жылдары жергиликтүү жаратылыштагы хлордуу натрийди кайра иштетүү, андан ар түрдүү сорттогу тамакка пайдаланууга жарактуу аш тузун, эл чарбасында кеңири колдонулуучу хлорду, хлордуу акиташты, каустикалык соданы алуу технологиялары иштелип чыгып, пайдаланууга берилди.

Айрыкча, Б. Мурзубраимовдун ысымы комплекстик бирикмелердин химиясы, тагыраак айтканда, амиддердин жана микроэлементтердин туздары катышкан системаларды изилдөөгө байланышкан. Жаңы бирикмелердин ичинен цинк хлоридинин семикарбазид менен болгон комплекси Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Катта-Талдык” совхозунда уяң жүндүү койлордун жүнүнүн жана этинин сапатын жогорулатууда колдонулган. Ал туздун таасиринин чоң экендиги далилденип, Жалал-Абад шаарындагы тузфосфаттык заводунда жетиштүү өлчөмдө чыгарылып, тиешелүү чарбаларда колдонууга сунушталган [7].

1995-2001-жылдар аралыгында академик Б.Мурзубраимовдун жетекчилиги астында Чоң-Алай районундагы Дароот-Коргон айылынан 12 км алыстыкта жайгашкан туз кениндеги таш тузду (галит минералы) жана табигый рассолду кайра иштетүүнүн физикалык-химиялык негиздери иштелип чыккан. Алынган илимий маалыматтардын негизинде Чоң-Алай туз кениндеги таш туздан жана табигый рассолдон тамак-ашка колдонулуучу аш тузу алынган жана ага Ош шаарындагы санитардык-эпидемиологиялык мекемеден № 0715 сертификат алынган. Ошондой эле физиологиялык эритме даярдоо үчүн колдонулууга мүмкүн болгон жогорку тазалыктагы натрий хлориди алынган.







2012-2017-жылдар аралыгында “Баткен облусунун Зардалы массивиндеги нефелин-сиенитти байытуу жана кайра иштетүү” аттуу илимий темага жетекчилик кылган. Аталган массивдеги нефелин-сиениттен алюминийдин оксиди алынган. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Кыргызпатент тарабынан ойлоп табуу боюнча №2132 патент алынган.

2000-жылдардан баштап Б.Мурзубраимов нанохимия жана нанотехнология боюнча бир катар илимий иштерге жетекчилик кылып келет. Кадмий металынан, кадмийдин оксиди жана гидроксидинен нанозымдарды алуу ыкмасы иштелип чыгып, ойлоп табуу боюнча №1526 патент алынган.

Учурда ал “Металлдардын карбиддерин камтыган алюминийдин негизиндеги нанокомпозиттерди электр учкундук диспергирлөө методу менен синтездөө жана алардын касиеттерин изилдөө” аттуу тема боюнча илимий жетекчилик кылууда.

3-багыт боюнча айтып өтсөк, химия предмети боюнча билим берүүнүн бардык тепкичтеринде окутулуучу окуу куралдары жана окуу-усулдук колдонмолору жарыкка чыгып, республика боюнча кеңири пайдаланууга кабыл алынды. Мисалга алсак, “Химиянын териялык негиздери” (Ж.Сагындыков менен теңавторлукта), “Аналитикалык химия” (А.Молдошев менен теңавторлукта), 2 томдуу “Жалпы химия” (Ж.Сагындыков менен теңавторлукта),, “Химиялык экология” (С.Бообекова, С.Осмонова менен теңавторлукта), “Химическая связь и строение” (М.Балбаев, М.Жоробекова менен теңавторлукта) ж.б.

Илим изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүндө СССРде жана дүйнөгө белгилүү химик-окумуштуулар менен таанышты, пикир алышты, биргеликте изилдөө жүргүздү, тажрыйба алмашты, кадр даярдады. Алардын катарына Д.И.Менделеев атындагы Химия-технологиялык институттун окумуштуулары-профессорлор Ю.Я.Харитонов (физикалык химия кафедрасынын башчысы), Н.С.Дракин, А.Ф.Воробьев, С.В.Атанасянц, А.Молодкин, М.А.Саруханов, А.С.Никитин, СССР ИА Курнаков атындагы Жалпы жана органикалык эмес химия институтунун илимпоздору Ю.А.Цивадзе, И.Н.Лепешков, А.И.Григорьев, термодинамиканын «атасы» М.Х.Карапетьянц ж.б., украин окумуштуусу В.Д.Хаврюченко, молдован окумуштуулары А.В.Аблов, В.Н.Шафранский, И.Б.Гэрбэлу, литов илимпозу И.Н.Ципарис, өзбек академиктери И.А.Парпиев, М.Н.Набиев, С.Т.Тухтаев ж.б.

Б.Мурзубраимов республиканын түштүгүндө химия боюнча илимий мектебин түздү. Жалпысынан 20 илимдин кандидатын жана 3 илимдин докторун даярдап чыгарды (1-табл.).

**1-табл.** - Академик Б.Мурзубраимовдун илимий жетекчилиги астында чыккан илимпоздор

| № | Аты-жөнү | Темасы | Коргоо жайы жана жылы |
|---|---|---|---|
| 1 | Эргешбаев Джумабек | Физико-химический анализ взаимодействия некоторых органических оснований с ацетатами марганца, кобальта, никеля, цинка и кадмия водных растворах | Фрунзе 1973 |
| 2 | Штремплер Генрих Иванович | Комплексообразование семикарбазида солянокислого и тиосемикарбазида с хлоридами некоторых переходных металлов | Алма-Ата 1979 |
| 3 | Токтомаматов Абдибали | Комплексные соединения марганца, кобальта, никеля, цинка, кадмия с семикарбазидом: ИК спектры, свойства, особенности строения | Москва 1985 |
| 4 | Балбаев Муса Кубатович | Физико-химические основы использования карбамидных растворов при выщелачивании суммы РЗЭ из трудновскрываемых концентратов | Фрунзе 1986 |
| 5 | Жолалиева Зейне Муратовна | Физико-химический анализ взаимодействия солей скандия и некоторых редкоземельных элементов с амидами в растворах | Ташкент 1988 |
| 6 | Эргешов Идирис Эргешович | Растворимость, термодинамические свойства и эффект высаливания в фосфатно-пирофосфатных растворах | Ташкент 1988 |
| 7 | Мурзабаев Болотбек Омошевич | Аллофанамидные комплексы бивалентных непереходных металлов и их физико-химические, физиологические свойства | Бишкек 1996 |
| 8 | Мамытов Табалды Абдыевич | Исследование взаимодействия лактатов и цитратов Mg, Mn (II), Fe (II), Co(II) с карбамидом, тиокарбамидом и никотинамидом | Бишкек 1999 |
| 9 | Суйунбекова Айшакан | Взаимодействие формиатов, ацетатов, сульфатов, бивалентных металлов с амидами и свойства твердых фаз | Бишкек 1999 |
| 10 | Абдулазизов Тилебалды Адилович | Физико-химические основы переработки природной каменной соли и рассолов Чон-Алайского месторождения | Бишкек 2000 |
| 11 | Жорокулов Дуйшеналы Абдимаматович | Электроэрозионный синтез многокомпонентных сложных карбидов тугоплавких металлов | Бишкек 2000 |
| 12 | Бабеков Анарбай Ураимович | Терпеноидные кумарины и сложные эфиры терпеноидов трех видов FERULA L | Бишкек 2001 |
| 13 | Озубекова Раиса Акжоловна | Физико-химические основы разработки дефолиантов с использованием хлората натрия, карбамида, этаноламинов и 2-хлорэтилфосфонат этаноламинов | Бишкек 2001 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 14 | Турдубаева Гулсара | Химический эксперимент как средство повышения экологического образования учащихся | Бишкек 2002 |
| 15 | Маметова Алтынай Сулеймановна | Синтез и физико-химические свойства координационных соединений двухвалентных переходных металлов (Cu, Co, Fe, Mn, Zn и Ni) С семи –и тиосемикарбазонфурфуролами | Бишкек 2003 |
| 16 | Жапаров Омурбек Топчубаевич | Синтез и исследование комплексных соединений двухвалентных металлов (меди, кобальта, марганца и никеля) с продуктами конденсации некоторых органических кислот и оснований | Бишкек 2004 |
| 17 | Камалов Жылдызбек Камалович | Электронное строение и колебательные спектры металлов (ТИО) семикарбазидных комплексных | Бишкек 2004 |
| 18 | Токтомаматов Абдибали | Синтез, строение и свойства координационных соединений ряда переходных металлов с семикарбазидом, тиосемикарбазидом и их производными | Бишкек 2005 |
| 19 | Сапаров Кубанычбек Кармышакович | Синтез и свойства координационных соединений металлов с 5-нитро 2-фурфурилиденсемикарбазоном | Бишкек 2010 |
| 20 | Кельгенбаева Жазгуль | Самоорганизация наноструктур на межфазной поверхности | Бишкек 2015 |
| 21 | Кособаева Бакдолот Кособаевна | Орто мектепте химиялык билим берүүнү өркүндөтүүнүн теориясы жана практикасы | Бишкек 2017 |
| 22 | Бекболот кызы Бактыгул | Физико-химические основы переработки рисовой шелухи | Бишкек 2018 |
| 23 | Омурзакова Гулнура Гуламовна | Синтез и изучение свойств комплексных соединений биометаллов с лейцином и изолейцином | Бишкек 2019 |

Ошондой эле КР УИА Химия жана фитотехнология институтунун алдындагы ведомстволор аралык диссертациялык кеңештин төрагасы (2009-2014, 2017-2019) жана орун басары (1990-2008) катары Кыргызстанда жана Борбордук Азияда химия илими үчүн адистерди даярдап чыгарууга түздөн-түз салымын кошту. Анын демилгеси менен 2000-жылдын 12-январында ОшМУда өлкөнүн түштүгүндөгү ЖОЖдордун тарыхында биринчи жолу «органикалык эмес химия» адистиги боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча адистештирилген кеңештин көчмө жыйыны болуп өткөн.

**Корутунду.**

Бүгүн Бектемир Мурзубраимовичтин илимге кошкон бараандуу салымын төмөнкү илимий наамдар жана даражалар айкындап турат: химия илимдеринин доктору (1984), профессор (1987), КР Улуттук илимдер академиясынын академиги (2000), III даражадагы “Манас” ордени (2003), КР билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер (1995), КР Илим жана техника жаатында мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (2012), КР Инженердик

академиясынын академиги (1998), Эл аралык инженердик академиянын мүчө-корреспонденти, “СССР агартуусунун отличниги” (1974), “СССР жогорку билим берүүсүндөгү эң жакшы ийгиликтери үчүн” (1985), “Кыргыз ССРинин элге билим берүүсүнүн отличниги” (1981), СССР ИА Н.С.Курнаков атындагы эстелик медалы (1983), Сока университетинин өзгөчө сапаттагы медалы (2003), Гирне америкалык университетинин сапат жана кабыл кылуу белгиси медалы (2004), Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин, Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетинин, Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин, Баткен мамлекеттик университетинин, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун ардактуу профессору; Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Өзгөн технология жана билим берүү институтуна ысмы ыйгарылган (2007).

Мындай наамдар жана ишенимдер, башкача айтканда, Б.Мурзубраимовдун группалашы, биология илимдеринин доктору, профессор Б.Каримованын сөзү менен айтканда, бул атак-даңк түн уйкуну миң бөлгөн арбын эмгектин акыбети... мындай ары оор, ары ардактуу иш эл ишеничи менен айкалышканда гана акыйкат жүзүн ачат [8]. Агайыбыз бүгүн да, 85 жаш курагында илимдин изги жолунда, билимдин белестүү жонунда: КР УИА Химия жана фитотехнология институтунун лаборатория башчысы жана ОшМУнун табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын айкалыш-профессору катары чыгармачылык күч менен илимге, орто жана жогорку билим берүүгө белсемдүү салым кошуп келет.

**Адабияттар**


1. Мурзубраимов Б. Баскан жол: автобиографиялык очерк. –Ош, 2000. 30-31-б.
2. Атаджанова М., Кетиков И., Ягдыев Н., Аманов Х. Химия: теория и практика в современном образовании //Международный научный журнал «Символ науки», № 3-1-1, 2025. –С. 22.
3. Ишанкулыев С., Нуриев Р., Джанмурадова Г., Сахидов Р. Химия будущего: технологические тренды и устойчивые решения //Научный журнал «IN SITU», № 11, 2023. –С. 15.
4. Асанов А., Токтомаматов А. Б.Мурзубраимов – окумуштуу, агартуучу, саясатчы жана коомдук ишмер //”Бектемир Мурзубраимов: автордук жыйнак” деген китепте. –Ош, 2000. 3-б.
5. Жоробекова Ш.Ж., Кудаяров Д.К. Краткая справка о жизни и деятельности академика Национальной академии наук КР Мурзубраимова Бектемира //в книге «Академик Бектемир Мурзубраимов: биобиблиография». –Бишкек, 2011. С. 7.
6. Мурзубраимов Б. Химия элге кызмат кылат //”Ленин жолу” газетасы. 1969-ж. 6-июну.
7. Кимсанов К. Арабыздагы аалым (академик Б.Мурзубраимов 70 жашта). –Ош, 2022. 37-б.
8. Каримова Б. Залкар замандаш // “Бектемир Мурзубраимов замандаштардын көзү менен” деген китепте. –Ош, 2001. 31-32-б.